УДК: 94(575.2)

Дүйшеев Жеңишбек Аматисакович,
тарых илимдеринин кандидаты, профессор,
Үзгүлтүксүз ачык билим берүү институтунун директору, К.Ш. Токтомаматов атындагы
Эл аралык университети, E-mail: duysheev@mail.ru

СОВЕТТИК КЫРГЫЗСТАНДЫН АЛГАЧКЫ ИНТЕЛЛИГЕНТТЕРИ ЖАНА КАСЫМ ТЫНЫСТАНОВ (1901-1938)

Макалабызда дегинкисинде, «интеллигент» деген ким, ал кандай сапаттарга ээ болушу керек, кантип калыптанат? Коомдук продукциясыбы же тубаса берилеби, советтик интеллигенциянын калыптануу жолдору кандай болгон деген суроолорго жооп табууга аракеттендик. Падышалык Россиянын орус-тузем, диний(усули-жадид) мектептеринде билим алып, Улуу Октябрь Социалисттик Революциясынын жаңы талаптары боюнча калыптанган интеллигенциянын сандык жана сапаттык өзгөчөлүктөрү, жаралуу табияты өзүнчө изилдөөнү талап кылат. Мында ошол максатты жүзөгө ашырууга аракет жасадык.

Ачкыч сөздөр. Совет, Кыргызстан, интеллигенция, калыптануу, Касым Тыныстанов.

Дуйшеев Женишбек Аматисакович,
кандидат исторических наук, профессор, директор
Института непрерывного открытого образования,
Международный университет им. К.Ш Токтомаматова

ПЕРВОЕ ПОКОЛЕНИЕ ИНТЕЛЛИГЕНЦИИ СОВЕТСКОГО КЫРГЫЗСТАНА И КАСЫМ ТЫНЫСТАНОВ(1901-1938)

В данной статье рассматриваются вопросы: кто такой «интеллигент», какими качествами он должен обладать и как формируется? Мы пытались найти ответы на вопрос о том, как формировалась советская интеллигенция, общественный продукт или врожденный. Воспитания в русскоязычных или религиозных (усул-джадидских) школах царской России, количественные и качественные характеристики интеллигенции, сформированные в соответствии с новыми требованиями Великой Октябрьской социалистической революции, требуют отдельного изучения природы созидания. Здесь мы пытались достичь этой цели.

Ключевые слова: Совет, Кыргызстан, интеллигенция, формирование, Касым Тыныстанов.

Duisheev Zhenishbek Amatisakovich,
Candidate of historical science, professor, director institute
of continuing open education International University
named after K.Sh. Toktomamatov

FIRST GENERATION OF INTELLIGENCE OF SOVIET KYRGYZSTAN AND KASYM TYNISTANOV (1901-1938)

In this article the questions are considered: who is such an "intellectual", what qualities should he possess and how is he formed? We tried to find answers to the question of

how the Soviet intelligentsia was formed, a public product or an innate one. Educated in Russian -language or religious (usul-jadid) schools of tsarist Russia, quantitative and qualitative characteristics of the intelligentsia, formed in response to the new demands of the Great October Revolution, the formation of the Great October Socialist Revolution. Here we tried to reach this goal.

Key words: Soviet, Kyrgyzstan, intelligence, formation, Kasym Tynystanov.

Киришүү. Дегеле “интеллигент”, “элита” түшүнүктөрү кыргыз коомчулугунун цивилдүү дүйнөгө аралашкандан берки турмушунда такай колдонулуп келе жатат. “Интеллигент” советтик доордун лексиконунда көп колдонулса, “элита” постсоветтик мезгилде ири категорияга айланды. Кыргызстанда интеллигенция коомдук катмар катары калыптануу жана өнүгүү жолу тарыхнаамелик маселе катары И.А. Соктоевдин [6], Э. Маанаев ж.б. [4], С. Данияровдун [1] түптүү эмгектеринде марксисттик усулияттын негизинде кадыресе иликтенген жана постсоветтик мезгилде айрым авторлордун – Ыдырысов Р.Ж.) макалалары менен толукталган. Ошентсе да маселенин теребелдүү өңүттөрү ачылбаган бойдон калып келүүдө.

Изилдөөнүн максаты. Советтик мезгилдеги кыргыз интеллигенциясынын калыптануу жолунун булактарынын көптүгү жана ар түрдүүлүгү, сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрүн тактоо, алгачкы профессор Касым Тыныстановдун рухий кенчин ачып берүү – изилдөөнүн максатын түздү.

Изилдөөнүн усулдары. Тарыхый изилдөөлөрдө калыптанып калган теребелдүү(системалуу) изилдөө менен бир катар эле таанып-билүүчүлүк(когнитивдик), социологиялык, салыштырма, маданий, генетикалык усулдар колдонулду. Англиялык тарыхчы Джон Тош жазгандай “изилдөө эрежесин бир калыпка салууга болбойт, талдоонун даана аракеттери булактын мүнөзүнө жараша өзгөрүп турат”[7] эмеспи. Анысыкандай, ыңгайына жараша усулдар колдонулду.

Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн дүйнөлүк саясий субьект катары калыптанышы – XX кылымдын алгачкы чейрегине таандык экендиги маалым. Кыргызстандын классикалык үлгүдөгү өлкөгө өсүп жетилишинин жерпайы да ушул мезгилде түптөлдү. Бул аракеттер эл чарбасындагы жана маданияттагы туташ жаңы саясат, кайра түзүүлөр менен коштолду. Жарандык согуш менен басмачылык кыймыл, жамаатташтыруу (коллективдештирүү) менен сабаттуулукту жоюу, кадр саясаты менен жалпы отурукташтыруу, жер-суу реформасы менен билим берүү, административдик аймактык жиктөө менен илимди негиздөө, маданият менен тилдин илимий калыптанышы сыяктуу жараяндар ургаалдуу жүрүп жатты. Мындай аракеттерди интеллигенциянын өкүлдөрүнүн катышуусусуз элестетүү мүмкүн эмес. Демейде интеллигенция дегенде биз коомдогу акыл эмгеги менен алектенгендердин катмарын түшүнөбүз. XX кылымдын башында кыргыз коомчулугунда инеллигенциянын саны менен сапаты чеке жылытаарлык эмес эле. Улуу Октябрь Социалисттик Революциясы иш жүзүндө Кыргызстандын коомдук тутумун өзгөрттү десек болот. Анткени, батыштын классикалык үлгүдөгү ченем талаптарына жооп берген, билимге сугарылган, илимге канык инсандарыбыз чанда гана болду. Билимдүү инсандарыбыздын басымдуу бөлүгү араб тилинде диний билим алган же орус-тузем мектептеринде сабаттарын жойгон. Мына ушул жагдайларды эске алып, лениндик саясат советтик интеллигенцияны калыптоонун программасын иштеп чыгып, жер-жерлерге жайылтты. Программа боюнча советтик интеллигенцияны калыптоонун төмөнкү жолдору талап кылынды: 1. Падышалык Россиянын интеллигенттерин жаңы бийликтин саясатына тартуу жана аларды социалисттик нукта кайра тарбиялоо(мында: “өздөрү каалап келмейинче суранбагыла” деген талап коюлган. Каалабаган интеллигенция өкүлдөрү пароход менен сыртка чыгарылганы тууралуу маалыматтар бар эмеспи. Кээ бирлери, маселен И.В.

Мичурин сыяктуу: “Мен жаңы бийлик үчүн иштейм” – деп, илимий жумуштарын улантышкан);

2. Мамлекеттик башкарууга партиялык, чарбалык, аскердик иштерге алдыңкы жумушчу-дыйкандарды тартып, алардын маданий жана кесиптик деңгээлин көтөрүү үчүн шарт түзүү;

3. Орто атайын жана жогорку окуу жайларында жаңы, коомду социалисттик максатта кайра кура турган адистерди даярдоо.

Бизге белгилүү болгондой кыргыздардын узак жана татаал тарыхындагы түнкү асманда жаркыраган жылдыз сыяктуу көрүнүктүү инсан Касым Тыныстанов советтик интеллигенцияны калыптоонун лениндик программасынын биринчи жолу аркылуу жумушка тартылган жана ушул нукта кайра тарбияланган. Жергиликтүү кадрларды сапаттуу тандоонун В.И. Ленин тарабынан иштелип чыккан жана талап катары коюлган чен-өлчөмдөрү боло турган. Алар: 1. Ак ниеттүүлүк; 2. Саясий ачык позициясы; 3. Иш билгилиги; 4. Башкаруучулук жөндөмү. Алгачкы интеллигенттер ушул төрт сындан өтүшкөн.

Касым Тыныстанов – кыргыз-совет интеллигенциясынын көрүнүктүү өкүлү. Касым ар тараптуу адам болгон. Ал эне тил боюнча окуулуктун автору, жогорку окуу жайда окутуучу, акын, прозаик, драматург, публицист, котормочу, бир сөз менен айтканда энциклопедиялык акылдын казынасы эле. Мударис Кусейин Карасаевдин эскерүүсүнөн улам анын “Манасчылык” өнөрү болгондугун билебиз. Ал эми айтылуу казах ааламы, жазуучу Мухтар Ауэзовдун “Касымдын жанында биз тек гана адам эдик” деген сөзү Тыныстановдун тереңдигин ашкере далилдеп турат. Анын ырлары жыйырмага жете элек курагында казах тилинде ташкенттик басылма “Орис”(“Өрүш”) гезитинде байма-бай жарык көрүп, тырнак алды ырлар топтому 1925-жылы “Касым ырларынын жыйнагы” (М. 1925) деген ат менен чыккан. Жыйнак отуз үч ырдан туруп, анын он экиси казак тилинде, ал эми жыйырма бир ыр менен “Жаңыл Мырза” поэмасы кыргыз тилинде эле. Касымдын чыгармачылыгына карата сын менен баа ошол кезден эле башталган десек болот. Маселен, жогоруда аталган жыйнакка баш сөз жазган акындын курсташы, Ташкенттеги Кыргыз Илимий комиссиясынын мүчөсү Базаркул Данияров: “Касымдын чеберчилигинен улам одоно кыргыз тили адабий уккулуктуу абалга өзгөрдү”, - деп жазат[5]. Ал эми академик жазуучу Түгөлбай Сыдыкбеков өз эскерүүлөрүндө аталган жыйнактын эл арасында жайылышы тууралуу “окуй билгендин бардыгы Касымдын ырын билип, китебин колтуктап жүргөн, жаштар анын ырларын жатка билген” [7] – деп жазат. Ал эми М.Убукеев, Б.Данияров, Дж.Джамгерчинов, Т.Жолдошев, Ыдырыс уулу, А.Токомбаев сыяктуу акын-жазуучулар басма сөз беттеринде кеңири талкууга алышат. Кыргыз адабий сынынын негиз салуучусу, кезинде Эл агартуу министри болуп иштеген Токчоро Жолдошев “көркөм адабият Касымдын казакча ырларынан башталат”[5] деген тыянак чыгарган. Чындыгында эле Касымдын элди ойготкон ырлары өз нукуралыгын казак тилинде тапкандай таасир калтырат. Маселен, “Алашка” ырында:

Салем бер аткан таңга, тур эр алач,
Нуруна аткан таңнын кир, аралас[5], же, “Бугинги күн” саптарында:
Саулеси жаркыраган күннинг бүгүн,
Үмүт чорт кесилген түннинг бүгүн.
Кан толган дыбыс чыкпай, ава кирмей,
Кез осы айгайлайтын үннинг бүгүн[5] – деп жазат. Ал эми “Жаштарга” ырында:
“Тулпар минип, туйди устаган,
Өткөн жокпа эрлериң?
Сен кемсинбе, үндемейсиң?
Мына келди жерлериң”[5], же “Кыз карындастарыма” саптарында:
“Тур, оян, карындастар, жатпа уктап.

Кутулуп туткундуктан, жолуңду тап![5] сыяктуу чакырыктарды кезиктиребиз. Жаңы замандын көрүнүшүн:

Караса, мал жайнаган кең өристе,
Байкачы, ката барма өзгөристе?[5] деп, жаштарды илим-билимге үндөп:
Жан чыкканча талыкпай,
Илим жолун аңдысак.
Аңкып жаткан балыктай,
Эл суусунун кандырсак[5], же:
Ай жылдыздай тизилген,
Алыс жолго кол созсок.
Азап чеккен, эзилген,
Элибизге кул болсок![5], - деп, ал тургай кантип окуп-билим алуу жолун да:
Түн мезгил... эл уктаган тынчтык тауп,
Ай жарык, жатыр дуние уйка ауып.
Жалгызак шакирт отыр китеп окуп,
Чырак пен түз жанбаган ауык-ауык[5] – деп сүрөттөп берет.

“Үйүрүн саганбас ат болбойт” дегендей ырааста көп убакыт жүрүп калган акын туулуп-өскөн мекени жөнүндө:

Кайдасың, кең Ысык-Көл, тууган жерим,
Киндигим кесип, кирим жууган жерим!
Көргөн жан саулетиңди сагынады,
Жайкалган сен Каракол – алтын кеним![5] – деп, ал эми кыргыздын кең жайлоосуна:

Токтобой жүрүп турган жели кандай,
Таптаза, каштай тунук, жыттуу атырдай,
Бетиңден сылап, сыйпап эркелетсе,
Көңүлүңдө кайдан калсын чер жазылбай[5],
Мындагы айран. Кымыз кең эмеспи,
Булактай агып жаткан кен эмеспи,
Дүркүрөп төрт түлүгүң өсүп турса,
Кең жайлоо жанга жыргал жер эмеспи[5] – деген саптарды арнайт.

Касым Тыныстановдун акын-замандаштарынан (А.Токомбаев, Ж.Бөкөнбаев) айырмасы – кыргыз жолун бүтүндүктө караганында турат, же, ал үчүн кыргыз рухун он жетинчи жыл түп тамырынан экиге бөлбөйт. Так мына ушул жагдай анын саясий кыргынга учурашына себеп болуп берди.

Падышалык россиянын карамагында турган Кыргызстанда орус-тузем мектептери менен медреселерде кат сабаты жоюлгандар кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн негизин түзгөн алгачкы интеллигенттердин катмарын калыпташты. Булардын ийинине аябагандай оор жүк түшкөнү маалым. Алардын ар бири түмөн түйшүктү аркалап, көчмөн жана жарым көчмөн коомду жаңы шартка ыңгайлатуунун үстүндө болушту. Бүгүнкү эгемен Кыргызстандын кызматтагы алгачкы интеллигенттеринин ар бирине “Баатыр” наамын берсе аздык кылат.

Алгачкы интеллигенция тарабынан жасалган иштердин айрымдарына гана токтололу:

1. Кыргыз ССРи (азыркы – Кыргыз Республикасы) аймактык-башкаруу жактан толук такталды. Же, жети кантон, элүү эки волость, төрт жүз элүү беш айылдык Кеңеш түзүлдү(салыштыруу үчүн: азыр – жети облус, кырк район, төрт жүз элүү үч айылдык Кеңеш бар);
2. Кыргызстандын аймагы кеңейди. 1924-жылы 195735,5 миң чарчы километрден 1928-жылдын 1-январына 1997726 миң чарчы километрге кеңейди, б.а., кыргыздар тыгыз отурукташкан Үч-Коргон, Сүлүктү, Каркыра жерлери Кыргыз АССРинин карамагына өттү;

3. Көчмөн эл жапырт отурукташууга өттү, натыйжада типтүү кыштактар негизделе баштады;
4. Жамаатташуу(коллективизация) жигердүү жүргүзүлдү;
5. Эл агартуу иши өтө ыкчам жүргүзүлдү;
6. Укуктук талаада жумуш алып баруу калыптанды;
7. Эл чарбасы тармактарга ыңгайлашып бөлүндү(седентеризация).

Ушул аракеттердин бардыгы Касым Тыныстановдун түз жана кыйыр катышуусу менен жүрдү. Анын жеке инсандык өзгөчөлүгү бул жараяндардын ыкчам жана туура жүргүзүлүшүн шарттап турду. Касым Тыныстановдун рухий көрөңгөсүнөн жаралган мурас дагы терең жана теребелдүү изилденүүгө тийиш.

Адабияттар:

1. **Галицкий, В.Я.** Изменение социально-классовой структуры населения Киргизии в годы строительства и упрочения социализма (1917-1961 гг.) / Д. Нурмаматов, Дж.С. Бактыгулов и др. // Отв. ред. Ю.А. Поляков. [Текст] // Фрунзе: Илим, 1989;
2. **Данияров, С.** Культурное строительство в Советском Киргизстане (1918-1930 гг.). [Текст] // Фрунзе: Изд-во АН Кирг. ССР, 1963;
3. **Кубатова, А.Э.** Жалал-Абад облустук архиви. [Текст] // Ф.110., оп.1, дело 1;
4. **Маанаев, Э**. Кыргызская интеллигенция: становление, роль в общественно-политической жизни (20-30-е годы). [Текст] / З. Курманов, Г. Курумбаева // Бишкек: КГПУ им. И. Арабаева, 2001;
5. **Пайзуллаева, К.У.** Литературное наследие Касыма Тыныстанова. [Текст] // Жалал-Абад. 2017;
6. **Соктоев, И.А.** Партийное руководство формированием советской интеллигенции в Киргизии(1925-1940) / Под ред. канд. ист. наук С.Т. Табышалиева. [Текст] // Фрунзе: Кыргызстан, 1969;
7. **Сыдыкбеков. Т.** Мезгил сабактары. [Текст]– Ф. 1982;
8. **Тош, Д**. Стремление к истине. Как овладеть мастерством историка. [Текст]. М. 2000;
9. **Ыдырысов, Р.Ж.** Начало формирования интеллигенции Кыргызстана в 20-годы. // Universum: Общественные науки: электрон. научн. журн. 2017. № 9(39). URL: http://7universum.com/ru/ social/archive/item/5133.
10. Кыргызстандагы жадидчилик кыймылы (1900-1916). [Текст] // Б.: 2012;